# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2025-жылдын 25-декабры Бишкек шаары

№47

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 30-мартындагы № 9 “Республиканын соттору тарабынан эркиндигинен ажыратуу жазасын белгилөө боюнча соттук тажрыйба тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомун инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча жана мыйзамдардын өзгөрүшүнө байланыштуу “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 7-пунктун, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламентинин 3.2-пунктун жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму **токтом кылат:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 30-мартындагы № 9 “Республиканын соттору тарабынан эркиндигинен ажыратуу жазасын белгилөө боюнча соттук тажрыйба тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

**1.** Токтомдун преамбуласы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

**“**Эркиндигинен ажыратуу жазасын белгилөө тууралуу мыйзамды соттордун туура жана бир беткей колдонуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесин жана "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18 жана 19-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму токтом кылат:**”.**

**2.** Токтомдун 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Кылмыш-жаза жоопкерчилиги жана жазаны дайындоо жөнүндө маселени чечүүдө сот жасалган кылмыштын мүнөзүн жана оордугунун даражасын, жасалгандардын жүйөлөрүн жана максаттарын, күнөөлүүнүн инсандыгын, келтирилген залалдын өлчөмүн, жазаны жеңилдетүүчү же оордотуучу жагдайларды, жабырлануучунун пикирин эске алууга жана өкүмдө тандалган жаза чарасын жүйөлөштүрүүгө тийиш.”.

**3.** Токтомдун 3-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Мыйзамдын талабына ылайык жоопкерчиликти оордотуучу жагдайлар болуп КР КЖКнин 74-беренесинде каралган жагдайлар гана аныкталгандыгын соттор эске алсын. Аталган берененин 2-бөлүгүнө ылайык, жаза белгилөөдө сот башка жагдайларды оордотуучу жагдай катары тааный албайт.”.

**4.** Токтомдун 4-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза белгилөөдө соттор КР КЖКнин 78-беренесинин негизинде акыркы өкүм боюнча белгиленген жазага мурдагы өкүм боюнча жазанын өтөлө элек бөлүгү толугу менен же жарым-жартылай кошула турган мурдагы өкүм боюнча жазанын өтөлө элек бөлүгүнүн түрүн жана өлчөмүн кылдаттык менен аныктап, өкүмдүн кириш бөлүгүндө так көрсөтүүлөрү тийиш.

Мурдагы өкүм боюнча жазанын өтөлө элек бөлүгү болуп:

- КР КЖКнин 80-беренесине ылайык жаза өтөө мөөнөтүнө чегерилүүгө тийиш болгон мөөнөттөн тышкары, пробация көзөмөлүн белгилөө менен соттолгондо, ошондой эле КР КЖКнин 87-беренесине же болбосо КР ЖПКнин 433-беренесине ылайык жаза өтөө мөөнөтүн кийинкиге калтыруудагы мурдагы өкүм боюнча белгиленген жазанын бүт мөөнөтү;

- соттолгондун милдеттүү жумуштардан качып, өтөлбөй калган мөөнөтү жана убактысы;

- соттолгондун андан ары жаза өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотулган убактысы (мөөнөтү) эсептелет.”.

**5.** Токтомдун 5-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Пробациялык көзөмөл төмөнкү адамдарга колдонулбайт:

- өзгөчө оор кылмыштары үчүн соттолгондорго;

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштар үчүн соттолгондорго;

- коомдук коопсуздукка каршы кылмыштар үчүн соттолгондорго;

- конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмыштар үчүн соттолгондорго;

- уюшкан топтун же кылмыштуу коомдоштуктун курамында жасалган кылмыштар үчүн соттолгондорго;

- жыныстык кол тийбестик жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар үчүн соттолгондорго.

Көрсөтүлгөн чектөө он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки балдардын жыныстык кол тийбестигине каршы кылмыш жасаган балдарга жайылтылбайт;

- ушул Кодекстин 137, 157, 158, 166, 167, 168, 172, 173-беренелеринде каралган кылмыштар үчүн соттолгондорго;

- туруктуу жашаган жери жокторго, ошондой эле Кыргыз Республикасында убактылуу жашап турган чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга.

Пробациялык көзөмөл анча оор эмес кылмыш жасагандыгы үчүн - бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө, ал эми оор кылмыш үчүн үч жылдан беш жылга чейин белгиленет.

Пробациялык көзөмөлдүн мөөнөтү соттолгон адам пробация органына келген күндөн тартып эсептеле баштайт.

Соттун өкүмүнүн корутунду бөлүгүндө сөзсүз пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотууда пробациялык көзөмөлдүн мөөнөтүнүн узактыгы, ошондой эле соттолгон адамга жүктөлүүчү контролдук талаптар жана пробациялык милдеттер, анын ичинде пробация органына келип туруу милдети милдеттүү түрдө көрсөтүлүүгө тийиш, мында сот тарабынан белгиленген зыяндын ордун толтуруу мөөнөтү пробациялык көзөмөлдүн мөөнөтүнөн аз болууга тийиш.

Сот өкүмдү жарыялаганда соттолгон адамга сот пробациялык милдеттерди жазуу жүзүндө түшүндүрүп берүүгө милдеттүү.”.

**6.** Токтомдун 6-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“КР КЖКнин 77-беренесинин 5-бөлүгүнүн жана (же) 78-беренесинин эрежелери боюнча белгиленген эркиндигинен биротоло ажыратуу жазасынын мөөнөтү акыркы өкүм чыгарылган күндөн тартып эсептелет.

Бул учурда акыркы иш боюнча үй камакта кармоонун жана камакта кармоо түрүндөгү тандалган бөгөт коюу чарасынын же кармоонун мөөнөтү сот тарабынан жазанын мөөнөтүн белгилегенде эсепке кирет, андан тышкары, биринчи өкүм боюнча

өтөлгөн жаза, КР КЖКнин 77-беренесинин 5-бөлүгүнүн эрежелеринин негизинде белгиленген жазанын эсебине кирет.”.

**7.** Токтомдун 7-пунктунда “60-бер.” – деген сөздөр **“78-бер.**”- деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча.

**8.** Токтомдун 8-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Акыркы өкүм чыгарылган күндөн тартып, КР КЖКнин 77-беренесинин 5-бөлүгүнүн жана 78-беренесинин негизинде биротоло белгиленген эркиндигинен ажыратуу жазасын өтөө мөөнөтү иш жүзүндө камакка алынгандан тартып эсептелээрин соттордун эске алуусу зарыл. Иш жүзүндө үй камакта кармоонун же камакта кармоо түрүндөгү тандалган бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүнөн тартып, өкүмдүн мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин тандалган бөгөт коюу чарасынын мөөнөтү жазанын мөөнөтүнө кирет.”.

**9.** Токтомдун 10-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“10. КР КЖКнин 63-беренесине ылайык кызматтык милдеттерди аткарууда жасаган кылмыштар боюнча ар бир учурда сот мындан ары соттолуучунун белгилүү кызматтарды ээлөө укугунан ажыратуу (белгилүү иш жүргүзүү) тууралуу маселени талкуулашы керек.

Соттор КР КЖКнин 336-343-беренелеринде, 344-беренесинин 2, 3 жана 4-бөлүктөрүндө, 345-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрүндө, 346-348-беренелеринде каралган мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу милдеттүү түрдө дайындалаарын жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматта кызмат орундарын ээлөөгө өмүр бою тыюу салынаарын эске алышы зарыл.

Бир нече кылмыштарды жасаган адамга кошумча жаза чектөөдө бир кылмыш үчүн өзүнчө же болбосо бир нече кылмыштар үчүн өзүнчө белгилеп, андан кийин жазалардын жыйындысы боюнча чечим кабыл алуусу зарыл.

Эгерде күнөөкөр соттолуп жаткан мыйзам боюнча кошумча жаза белгилөө милдеттүү түрдө каралса, кылмыштын өзгөчө субъекти тарабынан баланын же майыптын өмүрүнө жана ден соолугуна же жыныстык кол тийбестигине каршы кызматтык абалын пайдаланып атайылап кылмыш жасалган учурда белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу, жазанын кошумча түрү катары сот тарабынан милдеттүү түрдө дайындалууга жатат. Ошол эле убакта жазанын бул түрүнүн эң жогорку мөөнөтү төрт эсеге көбөйөт, бирок жалпы мөөнөтү он эки жылдан ашпашы керек.”.

**10.** Токтомдун 11-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Күнөөсүн мойнуна алуу жөнүндө келишим түзүлгөн учурда, сот адам күнөөлүү деп табылган беренеде каралган жазанын минималдуу өлчөмүнүн чегинде эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жазаны дайындайт. Эгерде берененин санкциясында эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган жазалар камтылбаса, сот адам күнөөлүү деп табылган статьянын тиешелүү бөлүгүнүн санкциясын эмес, мөөнөтү статьяда каралган эң аз мөөнөттүн жарымынан кем болбошу керек болгон эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны дайындоого укуктуу.

Соттор мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык же башка кылмыштар каралган кылмыштарды жасагандыгы үчүн адам күнөөсүн мойнуна алуу жөнүндө келишим түзгөндө жана материалдык зыяндын ордун толугу менен толтурганда, сот адам күнөөлүү деп таанылган беренеде каралган жазанын эң төмөнкү мөөнөтүнүн жарымынан аз эмес мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза дайындалаарын эске алуулары зарыл.

Жаза дайындоодо сот ар бир конкреттүү иш боюнча иштин жагдайларын, күнөөлүүнүн инсандыгын, жасалган жосундун коомдук коркунучтуулугун, ошондой эле дайындалган жазанын соттолгон адамды оңдоого жана анын жаңы кылмыш жасоодон алдын алууга мүмкүн болуучу таасирин ар тараптуу эске алууга милдеттүү.”.

**11.** Токтомдун 12-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Балдарга жаза белгилөөдө соттор КР КЖКнин 108-беренесинин ченемдерине ылайык, кылмыш жасаган учурда он сегиз жашка чыга элек балдар алты айдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн экендигин эске алууга тийиш.

Он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы бала КР КЖКнин 108-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык жасалган жосундун оордугуна жараша эркиндигинен ажыратуу жаза дайындалат.

Сотторго он төрт жаштан он алты жашка чейинки балага оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратууну дайындоодо КР КЖКнин Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренесинде каралган жазанын төмөнкү чеги жарымына кыскара тургандыгы, ал эми КР КЖКнин 108-беренин 2-бөлүгүнүн 3-пунктунда белгиленген эң төмөнкү мөөнөттөн төмөн жаза дайындоого КР КЖКнин 108-беренесинин 8-бөлүгүн колдонуу жол берери түшүндүрүлсүн. ”.

**12.** Токтомдун 13-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Соттор соттук териштирүүгө чейин камакка алынган адамга жаза дайындоодо айып пул түрүндөгү негизги жаза катары сот камакта кармоонун иш жүзүндө өтөгөн мөөнөтүн эске алууга жана ушуга негизденүү менен дайындалган жазаны жеңилдетүүгө же болбосо соттолгон адамды аны аткаруудан толук бошотууга милдеттүү экендигин эске алышы керек. Мында сот өкүмдүн баяндоо-жүйөлөштүрүү бөлүгүндө камакта кармоонун кайсы мөөнөтү эске алынарын жана ал дайындалган жазага кандай таасир тийгизерин жүйөөлүү түрдө көрсөтүүгө тийиш.

Соттолгондорго айып мыйзамда белгиленген мөөнөттө төлөнбөгөн учурда, сот адам күнөөлүү деп табылган КР КЖКнин 65-беренесинин 5-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу Кодексинин 59-беренесине (мындан ары-КР ЖаК) жана "Соттук аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 94-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык мажбурлап аткаруу органынын сунуштамасынын негизинде айыпты адам күнөөлүү деп табылган КР КР КЖКнин өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренесинде каралган мөөнөттүн чегинде эркиндигинен ажыратууга алмаштырат.

Эгерде адам күнөөлүү деп таанылган берененин санкциясында эркиндигинен ажыратуу каралбаса, адам КР КЖКнин 370-беренесинин негизинде кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылаарын соттор эске алышы керек.”.

**13.** Токтомдун 14-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Соттор КР КЖКнин 67-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык эркиндигинен ажыратууга соттолгон жаш курагы элүү бештен ашкан эркектердин жана жаш курагы элүүдөн ашкан аялдардын жаза мөөнөтү КР КЖКнин өзгөчө бөлүгүнүн тийиштүү беренесинде каралган эң чоң эркиндигинен ажыратуу мөөнөтүнүн төрттөн үчүнөн ашуусу мүмкүн эместигин эске алуулары зарыл.”.

**14.** Токтомдун 15-пунктундагы “**көзөмөл**” - деген сөз алып салынсын.

**15.** Токтомдун 16-пункту төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

“КР КЖКнин 69-беренесинде соттун айыптоо өкүмү боюнча конфискацияланууга тийиш болгон мүлктөрдүн тизмеси көрсөтүлгөн. Мында сот аныктаган мүлк гана конфискацияланууга тийиш.

КР КЖПКнын 81-беренесинин 9-пунктунун негизинде кылиыш иши боюнча өндүрүштүн жүрүшүндө кылмыш-жаза кодексине ылайык конфискацияланууга тийиш болгон мүлк кылмыш жасоонун натыйжасында алынгандыгын же бул мүлктөн киреше болуп саналгандыгын же кылмыш куралы катары пайдаланылгандыгын же пайдаланууга арналгандыгын тастыктаган жагдайлар далилденүүгө тийиш.

КР КЖПКнын 256-беренесинин 1-бөлүгүнүн 9,10-пункттарына ылайык айыптоо актысында: материалдык жана (же) моралдык зыяндын ордун толтурууну жана мүлктү мүмкүн болуучу конфискациялоону камсыз кылуу боюнча көрүлгөн чаралар, кылмыш-жаза кодексине ылайык конфискацияланууга тийиш болгон мүлк кылмыштын натыйжасында алынгандыгы же бул мүлктөн киреше болуп эсептелгендиги же

кылмыштын куралы катары пайдаланылгандыгы же пайдаланууга арналгандыгы жөнүндө жагдайларды ырастаган далилдердин тизмеси көрсөтүлүүгө тийиш.

Ошондой эле айыптоо актысына айып пул жана мүлктү мүмкүн болгон конфискациялоо түрүндөгү жазаны аткарууну камсыз кылуу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымкат тиркелүүгө тийиш (КР КЖПКнын 256-беренесинин 4-бөлүгү).

Кылмыш ишин иликтөөдө прокурор материалдык жана (же) моралдык зыяндын ордун толтурууну жана мүлктү мүмкүн болуучу конфискациялоону камсыз кылуу боюнча көрүлгөн чараларды текшерүүгө милдеттүү.

Көрсөтүлгөн талаптарды сактабоо КР КЖПКнын 278-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык ишти прокурорго кайтарып берүү үчүн негиз болуп саналат.

КР КЖПКнын 346-беренесине ылайык өкүм чыгарууда соттор конфискациялануга тийиш болгон мүлк кылмыш жасоонун натыйжасында алынгандыгы далилдендиби же бул мүлктөн киреше болуп саналабы же кылмыш куралы катары пайдаланылганбы же пайдаланууга арналганбы деген маселени чечиши керек.

Мындан тышкары, айыптоо өкүмүнүн баяндоо-жүйөлөштүрүү бөлүгүндө конфискациялануга тийиш болгон мүлк кылмыш жасоонун натыйжасында алынгандыгы же бул мүлктөн киреше болуп саналгандыгы же кылмыш куралы катары пайдаланылгандыгы же пайдаланууга арналгандыгы жөнүндө соттун тыянактарына негизделген далилдер келтирилиши керек (КЖПКнын 253-беренесинин 1-бөлүгү 4-пункту).

Ишти кароодо соттор конфискациялануга тийиш болгон мүлктүн бар же жок экендиги жөнүндө маселени чечиши керек.

Ошол эле учурда конфискациялануга тийиш болгон мүлк жок болгон учурда да, эгерде тиешелүү берененин санкциясында мүлктү конфискациялоо милдеттүү болуп саналса, анда КР КЖК 22-беренесинде белгиленген талаптарды эске алуу менен мүлктү конфискациялоо дайындалган жаза катары өкүмдүн резолюциялык бөлүгүндө көрсөтүлүүгө тийиш.”.

**16**. Токтом 17-пункт менен толукталсын:

“17. Сотторго сот жазанын кошумча түрү катары өлкөдөн чыгарып жиберүүнү дайындоого укуктуу экендигин түшүндүрүлсүн, мында өкүмдүн корутунду бөлүгүндө тиешелүү чечимди көрсөтүүгө милдеттүү жана өкүм чыгарылгандан кийин өкүмдүн күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү миграция органдарына, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине жана УКМКга билдирүү жөнөтүүгө тийиш.

**17.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламенти менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **М.А. Сатыев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т.Т. Чаргынова**

**Маалымкат-негиздеме**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 30-мартындагы № 9 “Республиканын соттору тарабынан эркиндигинен ажыратуу жазасын белгилөө боюнча соттук тажрыйба тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү талап кылынат, анткени анын жоболору төмөндө көрсөтүлгөн ченемдерге шилтеме жасайт:

- Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 2-февралындагы №20 Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси, ал өз күчүн жоготкон жана учурда анын ордуна 2021-жылдын 28-октябрында кабыл алынган №129 Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси колдонулууда;
- Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 2-февралындагы №19 Жазык кодекси, ал өз күчүн жоготкон жана учурда анын ордуна 2021-жылдын 28-октябрында кабыл алынган №127 Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси колдонулууда.